**ЫСЫК- КӨЛ ИНДУСТРИАЛДЫК- ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

| | |
|---|---|
| **« Макулдашылды»** | **«Бекитемин»** |
| **ЫКИПКнын пед. кеңешинин** | **ЫКИПКнын директору** |
| **протоколу №** 2 | _______________ |
| **«** 15 **»** 10 **20**21 **ж.** | **«** 15 **»** 10 **20**21 **ж** |

# Студенттик парламенттин жобосу

**Балыкчы 2021**

**Студенттик парламенттин жобосу.**

1. **Жалпы жоболор.**

1.1. ЫКИПКнын студенттеринин өздүк башкармалыгы туруктуу түрдө иштоочү уюм болуп саналат.

1.2. Студенттердин өздүк башкармалыгынын ишинде демократия, эрк, тең укуктук жана мыйзамдуулук принциптерин колдонуп, ЫКИПКнын Уставына жана анын Жобосуна ылайык иштоодө.

1.3. Студенттик өздүк башкармалыгынын курамына кирүүгө жана анын ишмердүүлүгүнө катышууга ЫКИПКнын баардык студенттери укуктуу.

1.4. Студенттик өздүк башкаруу коллеждин администрациясы жана түзүлгөн мүчөлөрү менен бирдикте иш алып барат.

1.5. Студенттердин өздүк башкармалыгынын чечимдери колледжин бардык студенттерине таасирин берет.

2. Студенттердин өздүк башкармалыгынын негизги маселелери жана милдеттери.

**1.2. Студенттик башкаруунун максаты төмөнкүлөргө шарттүзүп берүү болуп саналат:**

- коллеждин студенттеринин профессионалдуу билим алуу процессин оптималдоо;

- Физикалык жана психологиялык жагынан кучтүү, адеп-ахлагы жакшы студентти баардык жактан онүктүрүүгө жардам берүү.

- Студенттерди окутуу процессине катышуусунун ишке ашуусун камсыздоо, жаш студенттердин жашоосунун маанилүү суроолорун чечүү.

**2.2. Студенттердин өздүк башкармалыгынын маселелери болуп төмөнкүлөр саналат:**

- Жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо ишине студенттерди тартуу.

- Студенттердин илимий жана профессионалдуу кызыктарын эске алуу менен, билим алуу процнссинин сапатын жогорулатуу үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

- Студенттерин кызыкчылыгы менен укуктарын коргоо жана сунуштоо.

- Колледждин кызыкчылыгына тиешелүү социалдык көйгойлор ж.б. суроолорду, билим алуу маселелерин чечүү.

- Колледждин башкаруу органдарына билим алуу жана илимий маселелерди чечүүгө, студенттердин эс алуусуна жана күнүмдүк жашоосуна жардам берүү.

- Колледждин түзүмдүк бөлумдөрүнө алардын билим алуу тармагында уюштуруучу иш- чараларга көмөктөшүү.

- Студенттердин акыл эси менен билим деңгээлине болгон талабын жогорулатуу, окуу комплексине аяр мамиле жасоого тарбиялоо, колледждин салттарына патриоттук мамиле кылууга иш-чараларды өткөрүү.

- Студенттерге колледждин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүү.

- Жаштар үчүн коомдук маанилүү демилгелерди ишке ашырууга көмөктөшүү.

- Студенттердин өздүк башкармалыгынын ишмердүүлүгүЫКИПКнын спецификасын эсепке алуу менен аныкталуучу башка маселелерди да чечүүгө багытталат алат.

3. **Студенттердин өздүк башкармалыгынын укуктары жана милдеттери.**

**3.1. Студенттердин өздүк башкармалыгы укуктары:**

- Студенттердин кызыкчылыктарына тийиштүү ченемдик актыларды жакшыртууну иштеп чыгуу катышуу.
- Билим алуунун сапатына баа берүүгө катышуу, студенттердин илимий жана профессионалдуу кызыкчылыгын эсек алуу менен колледждин башкаруу органдарына аларды оптималдоо үчүн сунуш даярдоо жана киргизүү, сабактардын расписаниесине оңдоо киргизүүгө, зачет, экзамендерге, студенттердин тажрыйбасын уюштурууга катышуу;
- Студенттердин кызыкчылыгына тийиштүү социалдык-турмуштук жана финансылык суроолорду чечүүгө, массалык – маданият жана ден соолукту жакшыртуучу иш чараларга, эс алууга бөлүнгөн каражаттарын бөлүштүрүүгө катышуу;
- Студенттердин окуучулук диципилинасын жана колледждин ички мыйзамдарын бузуу менен байланыштуу суроолорду карап чыгуу.

- Студенттерди окуу ишмердүүлүгүнүн жана ар тараптан жетишкендиги үчүн сыйлоолорду иштеп чыгуу жана иш жүзүнө ашырууга катышуу.
- Колледждин студенттеринин арыздарын жана наразычылыктарын карап чыгууга жана териштирүүгө катышуу.
- Белгиленген тартипте колледж башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматты колдонуу.
- Студенттердин жана студенттердин өздүк башкармалыгынын жеке эркиндик укугу бузулса, колледж башкарма органдарына бузулган укукту калыбына келтирүү чарасын көрүүгө сунуш киргизүү жана күнөөлүүлөргө дисциплиналык чара көрүү.
- Студенттердин жана студенттердин өздүк башкаруу укугун жана эркиндигин коргоого каршылык (протест) формасын аныктоо жана колдонуу.

**3.2. Студенттердик өздүк башкаруусу төмөнкүлөргө милдеттүү.**

- Студенттердин акыл эси жана өздөрүнүн билим деңгээлине талап кылуу, колледждин мүлкүнө аяр мамиле жасоого тарбиялоо, окуу корпустарында окуу дисциплинасын жана укук тартибин бекемдөө, студенттердин жарандык аң сезимин жогорулатуу, милдеттерин билүү, жоопкерчиликке тарбиялоо иштерин жүргүзүү.
- Студенттер менен колледждин уставын жана ички тартибин аткаруу жөнүндө иш жүргүзүү.
- Билим ишмердүүлүгүн ишке ашыруу маселеси боюнча колледждин башкаруу органдарына көмөктөшүү.
- Студенттердин өздүк башкарууга түшкөн бардык арыздарды жана студенттердин кайрылуусун өз убагында белгиленген тартипте карап чыгуу.
- Студенттердин өздүк башкармалыгынын жобосуна ылайык иштерди өткөрүү.
- Студенттердин окуусуна жана эс алуусуна шарт түзүүгө көмөктөшүү.
- Колледж башкарма органдарынын, мамлекеттик органдардын, коомдук бирикмелердин, ар кандай мекеме жана уюмдардын алдында студенттердин кызыкчылыктарын көрсөтүү жана коргоо.
- Колледждин деңгээлине дал келген башкарма органдарына өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берип туруу.

4. **Студенттердин өздүк башкармалыгынын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери.**

4.1. Студенттердин өздүк башкармалыгынын мүчөлөрү студенттердин өздүк башкаруу маселелерин чечүүгө багытталган ишмердүүлүгүнө катышканга милдеттүү жана укугу бар.

4.2. С.Ө.Б. мүчөлөрү анын чечимдерин аткарууга милдеттүү.

4.3. С.Ө.Б. мүчөсү С.Ө.Б. ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алганга укугу бар.

4.4. С.Ө.Б. мүчөсү өзүнүн милдетин аткарбаса көпчүлүктүн добушу аркылуу С.Ө.Б. курамынан чыгарылышы мүмкүн.

4.5. Четтетилген С.Ө.Б. мүчөсүнүн милдеттери тиешелүү студ. Парламенттин секторунун мүчөсүнө жүктөлөт.

5. Студ. Парламенттин ишмердүүлүгүн камсыздоо.

5.1. С.Ө.Б. ишмердүүлүгүнө керектелүүчү каражаттарды колледж башкарма органдары оз жоопкерчилигине алат.

5.2. С.Ө.Б. ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн колледж башкаруу органдары колдонууга кабинеттерди, байланыш каражаттарын, иш техникасын жана башка керектелүүчү материалдарды, каражаттарды жана жабдууларды колдонууга берет.

6. **Жыйынтыктоочу жобо (мазмун).**

6.1. Жобо колледждин башкарма органдарынын макулдашуусу менен күчкө кирет.

6.2. С.Ө.Б. өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө студенттер алдында С.Ө.Б.тандоого чейин жылына бир жолу студ. кеңештеринде ай сайын отчет берет.

6.3. С.Ө.Б. жобосуна өзгөрүүлөр С.Ө.Б. отурумунда жылына бирден көп эмес болуп турат. Жаңы токтом күчүнө колледждин башкарма органдарынын макулдашуусу менен кучко кирет.

6.4. Эгерде С.Ө.Б. колледждин ички эреже тартиптерин жана жобону бузса, С.Ө.Б.нын ишмердүүлүгү токтотулат.